**УДК 94 (575.2)**

**ТЕМИРБЕК УУЛУ ИДЕАТ**
*И.Арабаев атындагы КМУ/*
*КГУ имени И.Арабаева*
**TEMIRBEK UULU IDEAT**
*I.Arabaev KSU*

# ТАЖИКСТАНДАГЫ ЭТНИКАЛЫК КЫРГЫЗДАРДЫН КЫРГЫЗСТАНГА КӨЧҮП КЕЛҮҮСҮНҮН СЕБЕПТЕРИ ЖАНА ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

## Причины и особенности переселение этнических кыргызов из Таджикстана в Кыргызстан

## Reasons and specifics of the resettlement of ethnic kyrgyz from Tajikistan to Kyrgyzstan

***Аннотация.*** *Бул макалада Тажикстандык этникалык кыргыздардын Кыргызстанга көчүп келишинин өбөлгөлөрү, себептери жана этаптары берилди. Этникалык кыргыздардын Кыргызстандын аймагындагы интеграциялык процесстери, жергиликтүү коомдоштукка адаптацияланышы боюнча маалыматтар камтылган. Боордоштордун Кыргызстанга көчүп келүүсүнө түрткү берген айрым инсандар, өзгөчө Т.Батыркулов жөнүндө кыскача маалыматтар кездешет. Изилдөө иштери Ош, Баткен жана Чүй облустарындагы этникалык кыргыздар массалык түрдө жайгашкан айылдарда жүргүзүлгөн.*

***Аннотация.*** *В данной статье представлены предпосылки, причины и этапы переселения таджикистанских этнических кыргызов в Кыргызстан. Статья содержит информацию об интеграционных процессах этнических кыргызов на территории Кыргызстана, адаптации к местным сообществам. Дана краткая информация о деятелях, в особенности о Т. Батыркулове, которые способствовали переезду соотечественников в Кыргызстан. Автором была проведена исследовательская работа в селах с массовым пребыванием этнических кыргызов в Ошской, Баткенской и Чуйской областях.*

***Abstract.*** *In this article, the resettlement of Tajik ethnic Kyrgyz to Kyrgyzstan. Contains information on the integration processes of ethnic Kyrgyz in the territory of Kyrgyzstan, adaptation to local communities. Brief information is given about the figures, in particular about T. Batyrkulov, who contributed to the move of the brother people to Kyrgyzstan. Research work was carried out in villages with a massive presence of ethnic Kyrgyz in Osh, Batken and Chui oblasts.*

***Урунттуу сөздөр:*** *этника, кыргыз, интеграция, көчүп келүү, качкын, кайрылман*
***Ключевые слова:*** *этника, кыргыз, переезд, беженец, репатриант.*
***Keyword:*** *ethnicity, Kyrgyz, relocation, refugee, repatriate.*

Бүгүнкү күндө этникалык кыргыздар Тажикстанда, Өзбекстанда, Кытайда, Ооганстанда, Турцияда,Россияда өз тилин, маданиятын, каада-салтын сактап, узак убакыттан бери жашап келишет. Тажикстанда жашаган этникалык кыргыздардын Кыргызстанга массалык көчүп келүүлөрү 20 жылдан ашык убакыттан бери уланууда. Алардын көчүп келүүлөрүнүн өзгөчөлүгү жана себептери кызыгууну жаратат. Макала Чүй облусуна Тажикстандан көчүп келип жайгашкан этникалык кыргыздардын мисалында жазылды.

Тажикстандан көчүп келген этникалык кыргыздардын маселелери боюнча атайын изилдөөнү өз убагында профессор А.А.Асанканов жүргүзүп, анда этникалык кыргыздардын демографиялык абалына, интеграция процессинин жүрүшүнө жана анын тоскоолдуктарына токтолгон [1,10-б]. Андан башка ушул маселе боюнча атайын изилдөөлөр кездешпейт. Ал эми, массалык маалымат каражаттарынан, анын ичинен “Азаттык” үналгысына жана анын сайтына жарыяланган материалдарынан кызыктуу маалыматтарды табууга болот.

Жогорудагы булактарды колдонуп жана Чүй облусундагы Ысык-Ата, Аламүдүн, Сокулук, Москва, Жайыл, Панфилов районундагы этникалык кыргыздар боюнча өз изилдөөнүн жыйынтыгы менен алардын көчүп келүүлөрүнүн өзгөчөлүктөрүн берүүгө мүмкүн болду жана негизги себептерин аныктоого аракет жасадым.

Чүй облусундагы этникалык кыргыздар жалпы республикадагылардын болжол менен 55%ын түзүшөт. Алар айылдарда көп санда, жыш жайгашышкан. Айылдар көп улуттуу. Ал айылдарда этникалык кыргыздар менен бирге жергиликтүү кыргыздар, башка мусулман улуттун өкүлдөрү (дунган, уйгур, лезгин, даргин) жана орус улутундагы адамдар жашашат. Ошондой эле, Тажикстандын Мургап, Жерге Тал, Ходжент сыяктуу бири-биринен айырмаланган аймактарынан көчүп келгендери аралаш.

Тарыхый эмгектерге таянсак, этникалык кыргыздардын Мургап, Жерге-Тал жана Ходжент аймактарын 3-4 кылымдан бери жердеп келишкенин көрөбүз. Алсак, орто кылымга тиешелүү жазма булактардын авторлорунун бири Махмуд ибн-Валинин “Бахр-ал-асрар-фи манакиб ал-ахйар” (Море тайн относительно доблести благодарных) эмгегинде кыргыздардын Тажикстандын аймагына барып калышы жөнүндө “...1635-жылдын 11-декабрында 12 миң түтүн кыргыздар Каратегин аркылуу Гиссарга көчкөн” деп айтылат [2, 28-б.]. Д.Б.Сапарлиев Жунгар хандыгынын баскынчылык жортуулдары күчтүү миграциялык жараянга алып келип, кыргыздар Кыргызстандын түндүк жана түштүк-чыгыш аймагынан мурда урууластары жашап келген түштүк жана түштүк-батыш тарабын көздөй кеминде эки жолу жер которушканын берет [3, 11-б]. Элдик санжыраларда бул окуялар “казак кайың саап, кыргыз Ысар, Кулепке кирди” деп айтылып калган [4, 4-б.]. С.М.Абрамзон Теңир-Тоодон Тажикстандын аймагына (Каратегин, Мургап, Гиссар, Куляб) жер которгон кыргыздарды XIX кылымдагы Кудаян хан жөнүндөгү уламыш менен да байланыштырат [2, 778-б]. Бул аймактагы жергиликтүү кыргыздар өзүлөрүн “сарыколдук кыргызмын” дешет. Изилдөөчүлөр бул аймактагы революцияга чейинки кыргыздардын жашап калышын эки топко бөлүшөт: биринчиси, анжияндык (фергана-алайлык) – келгин кыргыздар жана экинчиси, сарыколдук – жергиликтүү кыргыздар [5, 21-25-б.]. Бүгүнкү күндө Мургаптын 70-80 %, Жерге-Талдын 65 % этникалык кыргыздар түзөт. Ал эми Ходжентте 5 миңдин тегерегиндеги этникалык кыргыздар жашайт.

Этникалык кыргыздар XVII кылымдан тарта ата-бабалары жашап келген жогоруда аталган Ата Журтунан Теңир Тоого журт которушу аргасыздык болгон. Анткени, этникалык кыргыздар өздөрүнүн түпкү мекени катары ушул аймактарды аташат.

Этникалык кыргыздар Совет доорунда аз-аздан Кыргызстандын аймагына жер которуп келип жашап калышкандары болгон. Алардын саны өтө аз. Ал эми Кыргызстан көз карандысыздыкты алгандан тарта массалык көчүп келүү күчөгөн. Алардын алды 1993-жылы көчүп келе башташса, көч бүгүнкү күнгө чейин да улануудa. Изилдөөнүн жыйынтыгына карап, этникалык кыргыздардын Тажикстандан Кыргызстандын аймагына төмөнкү себептерден улам көчүп келишкенин көрүүгө болот:

1. Тажикстандагы 1993 (5-май) – 1997 (27 июнь)- жылдардагы жарандык согуш мезгилинде “качкын” катары;
2. Тажикстандагы оор социалдык-экономикалык абал жана жумушсуздуктун айынан “мигрант” катары;
3. Жергиликтүү чиновниктердин кысымы жана Тажикстандагы тажиктештирүү жараянынын натыйжасында “кайрылман” катары.

Биринчиси, Тажикстандагы 1993–1997-жылдары оор кесепеттер менен коштолгон “жарандык согуштун” мезгилинде этникалык кыргыздардын “качкын” катары массалык көчүп келүүсү. Алар БУУ тарабынан атайын “качкын” статусуна ээ болушкан. Бириккен Улуттар Уюмунун маалыматы боюнча Тажикстандагы жарандык согуштун кесепетинен Кыргызстанга келген качкындардын саны 16 миңден ашкан. Миграция министрлиги качкындардын жалпы саны “жарандык согуш” мезгилинде 20 миңден ашканын берет [6, 2-б.]. Этникалык кыргыздардын алгачкы көчүп келген көпчүлүгү жарандык согуш мезгилинде жапа чеккендер болгонун интервью берүүдө өздөрү тастыкташты. Кыргызстандагы тажиктер коомунун президенти Абдухалим Раимжанов: “Кыргыз Республикасы Тажикстанда жарандык согуш болгон убакта 40 миңден ашык качкындарды өз тууганындай кабыл алып, 2001-жылы “качкын” статусу берилсин деген Кыргыз Республикасынын Президенттин указы чыгып, көпчүлүгү өздөрүнүн күбөлүктөрүн алышкан. Согуш учурунда Тажикстанга Кыргызстан жардам бергендей эч кайсы бир өлкө жардам берген жок” деген пикирин билдирген [7,3-б.]. БУУнун Качкындар боюнча Жогорку Комиссары Садако Огата айымдын 1997-жылы Кыргызстанга атайын келиши да качкындардын санынын көптүгүнөн жана көйгөйлөрдүн орчундуу экендигинен кабар берет [8, 2-б.].

Кыргызстанга качууга аргасыз кылган бул кандуу окуяны эскерген этникалык кыргыз аксакалдары каргашалуу күндөрдү көздөрүнө жаш алуу менен эскеришип, бир ооздон “качпаска аргабыз калбай калган” дешет. Алардын бири А.Абдуллахимов: “Шартуздан (Кыргызстанга) качтык. Короо-жай, мал-мүлк калды, балдарды, аялдарды, картаң карыяларды алып тоо таяна качып барып жашындык, согушчандар айылга басып кирип, качууга жетишпей же качууга дарманы жок айрым бечараларды атып ташташканы да болду, үй-мүлктү тоношту да баса беришти. Бир канча күн жашынып жаткандан кийин, кайра айылга барып, оокат кылалы десек, согушчандар кайра келип, калганыбызды курал менен коркутууга кириишти. Үрөй учурган мындай көрүнүштөн кийин Кыргызстанды көздөй качууга аргасыз болдук. Башка айлабыз да, бараар жерибиз да жок эле”-дейт [9, 8-б.]. Жалпысынан жарандык согуштун кесепетинен Тажикстандан коңшулаш өлкөлөргө 200 миңге жакын “качкын” жер которууга дуушар болгон [10, 12-б.].

Экинчиден, этникалык кыргыздар Тажикстандагы жарандык согуштан кийинки оор социалдык-экономикалык кырдаалдан жана жумушсуздуктун айынан “мигрант” катары келип, кийин Кыргызстанда биротоло жашап калышкан. Таджикстандагы жарандык согуш постсоветтик мейкиндиктеги бирден-бир эң чоң согуш болуп, кан төгүү менен коштолгон жана көптөгөн адамдардын өмүрү кыйылып, катаал социалдык-экономикалык натыйжага алып келген. “Жумуштун жоктугунан жаштар сезондо (жаз, жай айларында) Кыргызстанга, Россияга, Казакстанга башка тажикстандыктар сыяктуу эле иш издеп чыгып кетишти. Көпчүлүгү тааныштарынын аркасы менен Кыргызстанга келип ар кандай шартта жумуштарды аткарып, аз-аздан акча таап, кайра келип жатышты. Айрымдары Кыргызстанда жылдап иштеп, орун-очок таап, жарандык алып калып калышкан. Анткени, Тажикстанга караганда Кыргызстандан жумуш табылып, өздөрүн эркин сезип, кысынбай жүрө алышат эле”-дейт Сокулук районундагы этникалык кыргыздар [11, 15-б.].

Үчүнчүдөн, Тажикстандын жергиликтүү чиновниктердин ар тараптуу кысымдары жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Тажикстанга болгон расмий иш сапары учурунда эки мамлекеттин ортосунда достук, өз ара жардам сыяктуу бир канча документтерге кол коюлуп [12, 2-б.], анын ичинде жөнөкөйлөтүлгөн тартипте Тажикстандын жарандыгынан чыгып, Кыргызстандын жарандыгын алуу укугун берүү жөнүндөгү макулдашуу (2005-жыл, 30-ноябрь) да себеп болгон. Бул келишим этникалык кыргыздар үчүн өтө жагымдуу жаңылык болгон. Анткени, бул мезгилде Тажикстандын жергиликтүү чиновниктери тарабынан кыргыздарды акырындык менен кысымга ала башташкан терс көрүнүштөр көп каттала баштаган. Мындай жагдайды түшүндүрүү үчүн

бир мисалды берүү жетиштүү: Ходженттик этникалык кыргыздардын Кыргызстанга жер которуусуна ал жердеги айрым чиновниктердин кысымы себеп болгон. Анткени, Согду облусунун Шахристан районунун акими (хукум) Намом Мукимов малга карата “О взыскании налога с жителей района за разведение крупного и мелкого рогатого скота” аталыштагы буйругун чыгарып, анын негизинде жалаң мал багуу менен алектенген этникалык кыргыздарды мал-мүлктөн ажыратып, натыйжада эл жакырланууга дуушар болгон [12, 3-б.]. Шахристан районунун Бөрүгөн (Бураган) айылынан көчүп келген этникалык кыргыздар ушул сыяктуу жергиликтүү чиновниктердин чечиминен улам Кыргызстанга массалык жер которууга аргасыз болушкан [13, 18-б.].

Этникалык кыргыздардын Тажикстандан Кыргызстанга жер которуусуна жардам берген Тайтөрө Батыркулов аттуу кыргыз аксакалы болгон [14, 3-б.]. Ал өзү жарандык согуштун кесепетинен 1996-жылдын башында “качкын” катары Тажикстандан Кыргызстанга келген. Т. Батыркулов кыргыз-тажик коомчулугуна белгилүү, көптөгөн жылдары кыргыз-тажик маданий байланыштарын изилдеген окумуштуу, котормочу (Ч. Айтматовдун “Саманчынын жолу” повестин тажик тилине которгон), Тажикстандын “Достук” (Дости) орденинин ээси, Улуу Ата-Мекендик согуштун ардагери болгон чыгаан инсан эле [15, 8-б.]. Кыргызстанга келгенден тарта этникалык кыргыздардын таламын талашып, аларды документтештирүүгө, айылдарга жайгаштырууга өз салымын кошкон. Кийин 2000-жылдардын башында Тайтөрө аксакал Тажикстанда жашаган этникалык кыргыздарды чогултуп, массалык түрдө Кыргызстанга алып келе баштаган. 2000-жылдан кийин көчүп келгендер жана мурда көчүп келип, документтери жок жашап жаткан этникалык кыргыздарга өкмөт тарабынан “кайрылман” макамы ыйгарылган. “Кайрылман” – Кыргызстандын жарандыгын алганга чейинки этникалык кыргыздарга берилген убактылуу укуктук макам (атайын күбөлүк берилген). Кайрылман – чет өлкөнүн жараны же жарандыгы жок адам болуп саналган, Кыргыз Республикасына ыктыярдуу түрдө көчүп келүүчү жана кайрылман статусун алган этностук кыргыз болуп эсептелген.

Этникалык кыргыздардын Кыргызстанга көчүп келүүсүнө дагы бир себеп болгон көрүнүш катары кыргызстандык чиновниктердин Тажикстанга иш сапарга барганда, аларды Кыргызстанга чакырып, “жарандык беребиз”, “жер беребиз” деген сыяктуу убадаларын эсептөөгө болот. Анткени, Мургаптан көчүп келген этникалык кыргыздар “Ата Мекениңерге кайтсаңар болот, өкмөт жардам берет” деген кыргызстандык айрым чиновниктердин сөзүнө ишенип көчүп келүүгө бел байлап, акырындап даярдана башташкан [16].

2004-жылы Кыргызстан этникалык кыргыздарга жөнөкөйлөтүлгөн тартипте жарандык берүү боюнча ички мыйзамдарын жакшыртып, аларга кам көргөнү менен миграциялык саясат жолго коюлбай калган. Кыргыз Өкмөтү тарабынан 2007-жылы атайын программа кабыл алынып, мурдагы “качкын”, “мигрант” терминдери “кайрылман”, “Кыргыз Республикасынын жараны” статустары менен алмаштырылган. Бүгүнкү күндө жергиликтүү этникалык кыргыздардын айтымында, Чүй облусундагы этникалык кыргыздардын дээрлик көпчүлүгү, тактап айтканда 80 % жакыны Кыргыз Республикасынын мамлекеттик паспортун алышкан. Жарандык ала албай, мыйзамсыз, документтери жок жүргөндөрү да жүздөп саналат [17].

Этникалык кыргыздардын массалык түрдө Кыргызстанга көчүп келүүлөрү өлкөнүн этникалык курамынын кескин өзгөрүүсүнө алып келген. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин маалыматына ылайык, эгемендикти алгандан баштап өлкөнүн этникалык курамы өзгөрүлүп, кыргыздардын саны 20 % га (52,4 % дан 72,2 %га чейин) көбөйгөн [18, 6-б.].

Кыргыз Республикасынын бийлик өкүлдөрү этникалык кыргыздарды укуктук жана социалдык жактан интеграциялоо үчүн мыйзамдарды, программаларды, нормативдик-укуктук актыларды иштеп чыгып, бекитип, коомчулукка жарыялаган. Бул мыйзамдар, программалар жана нормативдик-укуктук актылар этникалык кыргыздарга “качкын”,

“кайрылман”, “Кыргыз Республикасынын жараны” макамдарын берүү менен кошо алардын социалдык маселелерин жеңилдетип чечмек. Алар: Кыргыз Республикасынын “Кайрылман” Мамлекеттик программасы (2006-жыл, 19-октябрь) жана “Кыргыз Республикасына көчүп келген этникалык кыргыздарга берилүүчү кепилдиктер жөнүндө” мыйзамы (2007-жыл, 26-ноябрь; 2008-жыл, 18-июль; 2015-жыл, 27-январь) болуп эсептелет. Бул документтерде этникалык кыргыздарга “кайрылман” макамын берүү, анын негизинде каттоо, эсепке алуу, ишке кирүүгө, билим берүүгө укук алуу ж.б. негизги кадам катары каралган. Ар кандай жолдор менен жогорудагыдай макамдар берилсе да, социалдык маселелерди жоюу каржылык жагынан аксап, айрымдары такыр чечилбеген бойдон калган. Этникалык кыргыздар өздөрү да “Кайрылман” макамына ээ болушканы менен, аны терең пайдалана алышпай, кээ бири пособие, пенсия, жөлөк пул алуу жана медициналык жактан камсыздандыруу, билим алуу сыяктуу социалдык колдоодон куру калышкан.

Жергиликтүү айыл өкмөттөрдө атайын этникалык кыргыздарга арналган түшүндүрүү, көнүктүрүү, коомго аралаштыруу иштеринин жүргүзүү үчүн программасы, иш планы иштелип чыккан эмес. Социалдык кызматкерлерда этникалык кыргыздардын абалын, макамын жакшы түшүнбөй келишет. Профессор А.А.Асанкановдун пикиринде, мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын этникалык кыргыздарды өз убагында эсепке алуу жана көзөмөл кылуу механизми жок болгондуктан, алар мамлекет тарабынан болгон гумандуу саясатты да аксатып жатат [1, 11-б.].

Этникалык кыргыздардын санын тактоону, укуктук жана социалдык көйгөйлөрдү жеринен чечүүнү көздөп, 2014-жылдын декабрь айында“Этникалык кыргыздардын Ассоциациясы” коомдук бирикмеси түзүлгөн. Коомдук бирикмеге Юстиция министрлиги тарабынан лицензия берилип, Кыргызстан калкынын Ассамблеясынын кеңешинин чечими менен 2015-жылдын март айында Ассамблеянын алдына кабыл алынган. Бирикменин жетекчиси катары Музаффар Абдуллаев дайындалган [19, 22-б.]. Коомдук бирикменин максаты этникалык кыргыздардын маселелерин, суроолорун бийликке жеткирип, түз көпүрө болуу болгон. Бүгүнкү күндө коомдук бирикме жер-жерлерде өз өкүлдөрүн дайындап, алар менен дайыма чогулуштарды өткөрүп, көйгөйлүү маселелерди талкуулап келишет.

Этнкалык кыргыздардын көчүп келүүсүнүнү өзгөчөлүктөрүн жана себептерин берүү дагы терең изилдөөнү талап кылынат. Бирок, жалпылап алганда жогорудагы үй себеп негизгилеринен болуп кала берет. Ош, Баткен обустарындагы этникалык кыргыздардын көчүп келүүсүнүн себептери Чүйдөгү этникалык кыргыздардыкына дээрлик окшош.

Этникалык кыргыздардын Кыргызстанга көчүп келүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн, себептерин аныктоо интеграция жараянын кароодо түздөн-түз таасирин берет.

***Пайдаланылган адабияттар:***

1. Асанканов А. “Кайрылмандар: интеграция көйгөйлөрү жана жергиликтүү эл менен ыңгайлашуунун формалары” конференциясынын тезиси – Бишкек, 2016.
2. Абрамзон С.М. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. – Бишкек, 2013.
3. Сапаралиев Д.Б. (1999), Этнополитическая история Оша и его окрестностей с XVII до середины XIX вв. 0 Бишкек, 1999.
4. Абдрахманов Ы. Казак кайың саап, кыргыз Ысарга киргени. 1948. Инв. №413.
5. ИскандаровБ.И. Восточная Бухара и Памир во второй половине XIX в. –Душанбе, 1962.
6. Султангазы М. Этникалык кыргыз качкындарынын көйгөйлөрү. 2004 – www.azattyk.org.
7. АТМ №1. 2016-ж.Маалыматчы Абдрахман Исаков.

8. Раимжанов А. Этникалык кыргыз качкындарынын көйгөйлөрү. Маектешкен М.Султангазы. 2004 – www.azattyk.org
9. Отунбева Р. Качкындарга кайрымдуу бололу. 2016 –www.sary-kol.kg
10. Садиев Ш. Таджикистан: путь к миру и согласию. 2002 – Душанбе.
11. АТМ №1. 2016-ж. Маалыматчы Абдил-Ахат Курбанов.
12. Отношения Таджикстана с Кыргызстаном. Внешная политика Таджикстана. – www.Mta.tj.
13. Сапанов З. Учур гезити. №17. 03.05.2012.
14. АТМ №1. 2016-ж. Маалыматчы Бахадур Олимов.
15. Турдубаев Ж. Жерге талдын кел-кели менен кет-кети. 2016 –www.azattyk.org.
16. Турдубаев Т. Бомж Великой Отечественной? // Вечерний Бишкек гезити. №98(7770), 28-май, 2001-жыл.
17. Жапаров А. Убайымдуу Умар. 2011 –www.azattyk.org.
18. Вторая национальная перепись населения Кыргызстана 2009 года. http://www.stat.kg; Межэтнические отношения в Кыргызской Республике: анализ ситуации и политики государства. – www.nisi.kg
19. АТМ №1. 2016-ж. Маалыматчы Музаффар Абдуллаев.